“БЕКИТЕМИН”

“Азаттык медиа” мекемесинин директору

Асанов Б.С.

20-июнь, 2024-жыл

Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркуловичтин саясий илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча *“Азыркы геосаясий процесстердеги Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын жана коопсуздугунун ММКда чагылдырылышы”* деген темада жазылган докторлук диссертациясы боюнча илимий-изилдөө ишинин жыйынтактарын өндүрүштө ишке ашыруу

**Актысы**

**Комиссиянын курамы:** төрагасы – Орунбеков Б; комиссиянын мүчөлөрү Оторбаев К, Бактыбаев З.., Жогорудагы курамдагы комиссия Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркуловичтин докторлук диссертациясы “Азаттык радиосунун” маалымат аналитикалык берүүлөрүндө бир нече ирээт колдонулганын күбөлөндүрөт.

1. Ишке ашыруу актысынын автору: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин доценти, саясий илимдеринин кандидаты **Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркулович.**
2. **Илимий изилдөө ишинин аталышы:** 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча **“Азыркы геосаясий процесстердеги Кыргызстандын улуттук кызыкчылыкатарынын ММКда чагылдырылышы”** темасына саясий илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий иш.

3. **Кыскача аннотациясы:** илимий изилдөө иши азыркы геосаясий процесстерде Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарынын жана коопсуздугунун ММКда чагылдырылышына арналат. Диссертациялык иште теманын теориялык-методологиялык негиздери, практикалык маселелери илимий логикага ылайык иштелип чыккан.
4. **Ишке ашыруу эффектиси:** илимий иштин аталышы учурда актуалдуу болуп жаткан геосаясий процесстерди чагылдыргандыгында жана ошол процесстерде Кыргызстандын улуттук кызыкчылыкатарынын корголуш абалы, өлкөнүн коопсуздугуна байланышкан көйгөйлөргө басым жасалгандыгы менен баалуу. Себеби Кыргыз Республикасында кыргыз тилдүү басылмаларда аналитикалык материалдар жетишсиз, сапаты күмөн жаратат деген пикирлер айтылып жүрөт. Автор бул багытта өзүнүн аналитикалык макалаларын "Азаттык" радиосуна жарыялап, интервьюларды берип жүрөт. Сыдыкбаев Чолпонбектин жарыялаган макала, интерсбюлары коомчулукта, радио угуучулар арасында ар дайым оң пикирлерге ээ болот жана жандуу комментарийлер менен коштолоорун бнлгилей кетүүгө болот. Мындай көрүнүш автор көп саясат таануучулардан айырмаланып илимпоз катары талдай билгендигинде болсо керек деп эсептөөгө болот. Баса белгилей кетүүчү жагдай Ч.М.Сыдыкбаев өзүнүн илимий ишинде геосаясатты, геосаясий процесстерди, Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына жана коопсуздугуна байланышкан көйгөйлөрдүн ЖМКда чагылдырылышын талдоого алгандыгы да "Азаттык" радиосунун кызматкерлеринин кызыгуусун жаратат. Улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук маселелери биздин радио тарабынан активдүү түрдө көтөрүлгөн темалардан экени белгилүү. Демек бул диссертациялык изилдөөнүн айрым жоболору жана гипотезалары "Азаттык" радиосунун берүүлөрүндө колдонуу менен ишке ашырылган.

- Кыргыз Республикасы Бажы бирмдигине кирип жатканда Ч.М.Сыдыкбаев "Арай көз чарай" берүүсүнө 3 ирээт талкууга катышып: Бажы биримдигине кирүүдө жана киргенден кийин өлкөнүн улуттук кызыкчылыктары аныкталып ал сакталышы керек деген ойлор бир нече ирээт айтылган;
- Кыргызстанда сөз эркиндигине болгон кысым токтолушу керек ал демократиянын прнинциптерине каршы келээри, авторитардык ыкмалар коомдун көтөн бери калыптанган демократиялык саясий маданиятын кайра артка тартаарын белгилеген.
- саясий бийликтин легитимдүүлүгүнүн мааниси илимий негизде талдаган макала жарык көргөн;
- президенттик шайлоо процесстерин утурлай уюштурулган берүүлөрдө саясат талдоочу катары омоктуу ойлорун бөлүшкөн.

**Өндүрүшкө ишке киргизүүнүн орду жана убактысы:** Жалпысынан "Азаттык" радиосунда дээрлик 10 жылдан бери бир катар берүүлөрдө түз эфирлерге чыгып, интервьюларды берип, макалаларды жарыялаган. (Бакыт Байке ушуларды сайттан же архифден карап убактысын аныктоого болобу?)

Өндүрүшкө ишке киргизүүнүн формалары: Ч.М.Сыдыкбаевдин докторлук ишинин темасы; геосаясат, улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук ошондой эле ушул көйгөлөрдүн ММКда чагылдырылышы болгондуктан бул темалар ар дайым актуалдуу жана көп талкууланган темалардан. Азаттык ушцл темалардын тегерегинде авторго экперт катары маал-маалы менен кайрылып турат.

- негизинен жаңылыктар берүүлөрүндө тигил же бул саясий окуялар процессттер боюнча пикир айтуу, интервью берү;
- "Арай көз чарай" берүүсүндө эксперт катары бир нече ирээт объективдүү экперт катары катышуу;

- Бажы биримдигиндеги абалыбыз, коопсуздук жаатындагы көйгөйлөр, коррупция билим берүү системасындагы ж.б. көйгөлөр боюнча пикир, сунуштарды айтуу.
- Азаттыктын сайтында мкалаларды жарыялоо “Айбан фермадагы абал” А.Акунов жазган Оруэлдин чыгармасына үн кошуу,;
- ”Бийлик менен байлыктын ыссык ымаласы” же кыргыз бийлиги кайрадан легитимдүүлүгүн жоготууда.
- “Бийлик сырлары” берүүсүндө “Атамбаев дос түшүнүгүн саясий брендге айландырган” деген аталыштагы интервью .

**Диссертациялык иштин жоболорунун, сунуштары киргизилген, колдонулган уюмдун өкүлдөрү:**

***“Азаттык Медиа” мекемеси, Бишкек шаары, Фурманов көчөсү, 12.***

**Комиссиянын төрагасы:**

“Азаттык радиосунун өкүчүлүгүнүн директору

Комиссиянын мүчөлөрү:

Б.Орунбеков

З.Бактыбаев